**УМАРБЕКОВА А.А,**
*Тал МУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН АТА-ЭНЕЛЕРИНЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ УЧУРДУН ТАЛАБЫ

Башталгыч класстын окуучусунун окуудагы ийгиликтери ата-энелердин педагогикалык билимдеринин деңгээлине көз каранды. Үй-бүлөдө баланын окуу ишин туура уюштура билүү, ага жардам берүү жана көзөмөл кылуу, предметтик сабактардын окуучунун билимине билгичтигин койгон талаптарын билүү, окутуунун мазмунун жана окутуу методикасын билүү кенже мектеп окуучуларынын ата-энелеринин негизги милдеттеринин бири.

Ал милдеттерди чечүүдө ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуунун мазмуну иштелип чыкты. Ата-энелерге үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо, башталгыч класстын окуучуларынын билимдерине коюлуучу негизги талаптар, баланын күн режимин уюштуруу, жумушчу орунду даярдоонун мааниси, окуучуну сабак даярдоого үйрөтүү, үй тапшырмасын аткартуу, окуганга, жазганга, математикага окутуп үйрөтүү боюнча жана балдардын үй-бүлөдө китеп окуусун уюштуруу боюнча баалуу кеңештер сунушталды. Ал «Ата-энелерге кеңеш» деп аталган методикалык колдонмодо жарык көрдү.

Белгилей кетүүчү нерсе, педагогикалык агартуу иши ата-энелерде пайда болгон суроолорго жооп табууга, өз позициясын бекемдөөгө, тарбия ишинде кетирген кемчиликтерди оңдоого жардам берет. Ата-энелерге агартуу иштерин уюштуруу ата-энелерди мектеп ишине активдүү катышууга тартуунун бирден бир шарты. Педагогика-психологиялык жактан агартуунун жыйынтыгында:

- Ата-энелер менен балдардын ортосунда өз ара түшүнүү, мамилелер жакшырат.
- Ата-энелер баланын жашоосунда материалдык жактан гана камсыз кылбай, анын тарбиясына тийгизген өзүнүн ролун сезет.
- Баланын билим сапаты ата-энеден көз каранды экендигин сезет.
- Өз балдарын окутууда жана үй-бүлөдөгү проблемаларды чечүүдө ата-энелерде оптимисттик көз караштар пайда болот.
- Балдар ата-эненин турмушунда маанилүү оорунду ээлеп, анын келечегине кам көрөт.
- Мектеп менен ата-эненин ортосундагы мамилелер оңолот, ата-энелердин активдүүлүгү байкалып, мектептин жана мугалимдин иш аракетине өзүнүн таасири тиерин сезишет.

Ата-энелерди педагогикалык жактан агартуу иши ата-энелер менен мектептин бирдиктүү ишинин жаңы багытта уюштурууну камсыз кылат. Үй-бүлө баланын негизги тарбиячылары, алар балага оң жана терс таасирлерди бериши мүмкүн. Баланын инсаны жакшы калыптанып өсүшү үчүн мүмкүн болушунча оң таасирлер керек. Ал ата-энелердин педагогикалык билимдерине жана көндүмдөрүнө жараша болот. Педагогикалык агартуу ата-энелерди көп каталарды кетирүүдөн алыстат.

Изилдөөлөрдө айылдык мектептерде мугалимдердин ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруусу системага салынып, пландалбагандыгы маалым болгон. Мугалимдер ата-энелер менен иштөөнүн салттуу формасы – ата-энелер чогулушун гана өткөрүп тураарын айтышкан. Ал эми ата-энелер чогулушу да талапка ылайык өтүлбөгөндүгү белгилүү. Анын себептери мугалимдер үчүн да, ата-энелер менен иш алып баруучу методикалык колдонмолордун жоктугу, мугалимдердин ишке жасаган салкын мамилелери, мугалимдердин ишти алып баруунун формаларын билбегендиги.

Андыктан бирдиктүү иш алып баруудан мурда биз башталгыч класстын мугалимдери менен максатка багыттуу иштерди жүргүздүк. Мында атайын мугалимдер үчүн методикалык семинарлар өткөрүлдү.Семинарда азыркы учурдагы мектеп менен үй-

бүлөнүн бирдиктүү аракеттеринин мааниси, ата-энелерди педагогикалык агартуу иштеринин жаңы мазмуну (окутуу иши боюнча), ата-энелер менен иштөөнүн салттуу жана жаңы формалары менен тааныштыруу болду. Анын негизинде ата-энелер менен иш алып баруунун болжолдуу планы түзүлдү. Биздин изилдөө ишибизге ылайык баланын билим сапатын жогорулатуу боюнча ата-энелер менен иш алып баруунун мазмуну планга киргизилди.

Аны төмөндө сунуштайбыз.

Ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруунун болжолдуу планы (1- класс)

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Өткөрүү формасы | Өткөрүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Биринчи класстын ата-энелери менен таанышуу. | Үйлөрүнө баруу, ата-энелер менен баарлашуу | Март айлары (окуу жылы башталаардан мурда) |
| 2. | Үй-бүлөдө баланы мектепке даярдоо. | лекция | апрель |
| 3. | Баланын күн режимин уюштуруу. | лекция | августь |
| 4. | Биринчи класстын окуучуларынын сабагын уюштуруу. Окуучу үчүн жумушчу орунду даярдоонун мааниси. | аңгемелешүү | сентябрь |
| 5. | Биринчи класстын окуучусун окутууда жана тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу. | лекция | сентябрь |
| 6. | Ата-энелерди биринчи класстын билимдерине коюлуучу негизги талаптар менен тааныштыруу. | Педагогикалык практикум | октябрь |
| 7. | Кенже окуучулардын жаш курак өзгөчөлүктөрү. | Ата-энелер чогулушу | ноябрь |
| 8. | Биринчи класстын окуучусун окууга кантип үйрөтүү керек? | Консультация (жекече жана группалык) | Каалаган учурда |
| 9. | Жазуу иштерине үйрөтүүнүн ыкмалары | Ачык сабак өтүү | декабрь |
| 10. | Үй-бүлөдө эмгекти жана эс алууну туура уюштуруу | Тегерек столдо жолугушуу. | февраль |
| 11. | Кенже окуучулардын дене тарбиясы жана ден-соолугу жөнүндө ата-энелердин көргөн камкордугу | Суроо-жооптордун кечеси | март |
| 12. | Үй-бүлөдө балдардын китеп окуусун уюштуруу. | Үй-бүлөлүк тажрыйба алмашуу | апрель |

Ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруунун болжолдуу планы (2- класс)

| № | Аткрылуучу иштердин мазмуну | Өткөрүү формасы | Өткөрүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Ата-энелерди 2-класстын окуучуларынын билим, билгичтиктерине коюлган талаптар менен тааныштыруу | Ата-энелер чогулушу | сентябрь |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2. | Үй тапшырмасын аткарууга жардамдашуу. | Педагогикалык практикум | октябрь |
| 3. | Экинчи класста математиканы үйрөнүү. | Ачык сабак | ноябрь |
| 4. | Окуучуну сабак даярдоого кантип отургузуу керек? | Тегерек столдо жолугушуу | декабрь |
| 5. | Сиз өз балаңызды жакшы билесизби? | диспут | февраль |
| 6. | Үй-бүлөдөгү жагымдуу абалдын балага таалим-тарбия берүүдөгү таасири. | аңгемелешүү | март |
| 7. | Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоо | конференция | апрель |
| 8. | Жайында үй-бүлөдө балдардын дем алуусун жана эмгегин кандайча уюштуруу керек. | Үй-бүлө тажрыйбаларын жайылтуу | май |

Ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруунун болжолдуу планы (3- класс)

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Өткөрүү формасы | Өткөрүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | 3-класстын окуу программасынын талаптары. Аны аткарууда үй-бүлөнүн ролу. | аңгеме | сентябрь |
| 2. | 3-класстын окуучусунун күн режимин түзүү. Анын өзгөчөлүктөрү. | консультация | октябрь |
| 3. | Баланын окуу материалын өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу. | Суроо-жооптордун кечеси | ноябрь |
| 4. | Үй-бүлөдө кенже окуучуларга эстетикалык тарбия берүү. | лекция | декабрь |
| 5. | Үй-бүлөдө уюштурулган китеп окуунун кенже окуучулардын өнүгүүсүнө тийгизген таасири. | Практикалык семинар | январь |
| 6. | Ата-энелердин балдардын математика сабагынын үй тапшырмаларына жардам берүүсү. | консультация | февраль |
| 7. | 3-класстагы окуучулардын окуу иштеринин уюштурулушу, жетишкен ийгиликтери, кемчиликтери. | Үйлөрүнө баруу, баарлашуу | март |
| 8. | Жакшы үй-бүлө кандай болушу керек? | диспут | апрель |
| 9. | Үй-бүлөдө балдарды акыл-эс жагынан өнүктүрүп тарбиялоо. | конференция | май |

Ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруунун болжолдуу планы (4- класс)

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Өткөрүү формасы | Өткөрүү мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Ата-энелер биринчи тарбиячылар | лекция | сентябрь |
| 2. | 4-класста математиканы үйрөнүү. | Ачык сабак | октябрь |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Ата-энелердин математика сабагына катышуусу. | | |
| 3. | Телекөрсөтүү жана балдар | диспут | ноябрь |
| 4. | Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө жазуу маданиятына үйрөтүү. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу. | Ачык эшиктер күнү | декабрь |
| 6. | Окуучунун үй тапшырмасын аткаруусун көзөмөлдөө жана жардам берүү. | Ата-энелер активи уюштурган практикалык семинар | январь |
| 7. | Предметтерди окутуу методикасы боюнча ата-энелерге жардам берүү. | консультация | февраль |
| 8. | Балдарды тарбиялоодо мактоо жана жазалоо. | Суроо-жооптор кечеси | март |
| 9. | Балдардын окуу иштерине жоопкерчиликтүү мамилелерин калыптандыруу | аңгеме | апрель |
| 10. | Үй-бүлөдө кенже балдарды сергек жашоо образына тарбиялоо | конференция | май |

Мектеп менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттеринин мазмуну изденүүчү эксперименттин жүрүшүндө колдонулду. Ал башталгыч класстын мугалимдерине сунушталган ата-энелер менен иштөөнүн иш пландарына киргизилип, мектеп практикасында ишке ашырылды. Иштин жүрүшүндө ата-энелер менен кызматташуунун төмөндөгүдөй натыйжалуу формалары колдонулду. Бирдиктүү иш аракеттин жекече формалары – баланын үй-бүлөсүнө баруу, ата-эне менен баарлашуу, айрым суроолор боюнча ата-энелерге консультация берүү, телефон аркылуу сүйлөшүү, ата-энелер менен кат алышуу; коллективдүү формалары – ата-энелер чогулушун өткөрүү, ата-энелер үчүн лекциялар, конференциялар, практикумдар, суроо-жооп кечелери, викториналар, ата-энелер мектебин, ата-энелер клубун уюштуруу, ата-энелер үчүн ачык сабактар, ачык эшиктер күнүн уюштуруу, ата-энелердин активи менен биргеликте иш алып баруу ж.б.

Педагогика- психологиялык жактан агартуунун жыйынтыгында:

- Ата-энелер балдардын окуу иштерин туура уюштурууга жетишти.
- Ата-энелер баланын окуу эмгегине көзөмөл кылып, жардам бере баштады.
- Баланын билим сапаты ата-энеден көз каранды экендигин сезип калышты.
- Мектеп менен ата-эненин ортосундагы мамилелер жакшырды, ата-энелердин активдүүлүгү байкалып, мугалим менен кызматташуу өрчүдү.

Натыйжада ата-энелердин педагогикалык билимдерин жогорулатуу аркылуу окуучулардын билим сапатын көтөрүүгө боло тургандыгы аныкталды.

**Адабияттар**


1. Храпов В. Родители просят совета [Текст]/В.М. Храпов. -Знание 1983

2. Сухомлинский В.А. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 3-х т. /А.В. Сухомлинский.- М: Педагогика -1979.-107 с.-112 с

3.Студенте А. Повышение педагогического потенциала семьи [Текст]/ А. Студенте.- М: изд, 1980. -с.

4. Сенько В. Г. Учителя и родители[Текст]: книга для учителя /В.Г.Сенько.- Минск: Нар.асвета, 1988. -109 с.

5. Примерная тематика родительского всеобуча в I-XI классах [Текст] // Воспитание школьников. -2004. -№ 7,8. - С. 6-10, 1-45.